**М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий – изилдөө университетине жана Кыргызстан Эл аралык университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын корго боюнча уюштурулган Д 08.24.697 диссертациялык кеңештин 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн Абдыкадыр кызы Гулзаданын "Кыргыз Республикасынын экономикасынын агрардык тармагын системалуу өнүктүрүү боюнча мамлекеттик жөнгө салууну өркүндөтүү" темасындагы диссертациялык ишине диссертациялык кеңешинин эксперти Жумабаев Жамалгазы Жумабаевичтин**

# КОРУТУНДУСУ

Абдыкадыр кызы Гулзада тарабынан берилген диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй жыйынтыкка келген:

1. Иштин диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке ылайык келиши.

Экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн сунушталган диссертация диссертациялык кеңештин профилине ылайык келет.

Иш 08.00.05 – Тармактык экономика адистигинин паспортуна толук жооп берген негизги көрсөткүчтөрдүн жана тенденциялардын өзгөрмөлүүлүгүнүн контекстинде экономиканын агрардык тармагын системалуу өнүктүрүү боюнча мамлекеттик жөнгө салууну өркүндөтүүнүн жолдорун изилдейт .

2. **Диссертациянын максаты** Кыргыз Республикасынын экономикасынын агрардык секторунун калыптанышын жана учурдагы абалын изилдөө аркылуу тармакты системалуу өнүктүрүү үчүн мамлекеттик жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча теоретикалык-практикалык сунуштарды иштеп чыгуу-диссертациялык иштин максаты болуп саналат.

Изилдөөнүн белгиленген максатына ылайык, төмөнкү негизги милдеттерди чечүү зарыл:

1. агрардык секторду мамлекеттик жөнгө салуунун теориялык негиздерин системалаштыруу жана аны түзгөн факторлорду аныктоо; анын маңызын, принциптерин, экономикалык мазмунун, структурасын, формаларын жана түрлөрүн аныктоо жолу менен агрардык тармакты системалуу өнүктүрүү боюнча мамлекеттик жөнгө салууну өркүндөтүнүн теориялык жана методологиялык проблемаларын аныктоо;
2. Кыргыз Республикасынын агрардык секторунун учурдагы абалына жана республикада ишке ашырылып жаткан экономикалык реформаларга талдоо жүргүзүү менен агрардык тармактын натыйжалуулугун жогорулатууда мамлекеттик жөнгө салуунунун ролун жана өз ара байланышын көргөзүү;

3. Кыргыз Республикасынын агрардык секторунун натыйжалуулугун жогорулатууда мамлекеттик жөнгө салууну: айыл чарбасын каржылоо долбоорлорун, жеңилдетилген кредитерди берүүнүн формаларын жана ыкмаларын, лизинг жана инвестициялык салымдарды жакшыртуу менен жалпы көрсөткүчтөрдү жакшыртууга көмөктөшүүчү башка финансылык инструменттерди камтышы;

4. агрардык сектордун натыйжалуугун жакшыртуу үчүн мамлекеттик жөнгө салуу жана айыл чарба өндүрүүчүлөрүн колдоо механизмдерин өнүктүрүү маселелерин сунуштайт

5. агрардык сектордун экономикалык натыйжалуулугун жогорулатууда санариптештирүү, автоматташтыруу, агротехнологияларды жана жаңы сортторду колдонуу сыяктуу технологиялык процесстерге инновациялык чечимдерди киргизүү мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле алардын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга жана чыгымдарды кыскартууга тийгизген таасири.

6. Кыргыз Республикасынын агрардык секторун мамлекеттик жөнгө салууну өркүндөтүү механизмдерин иштеп чыгуу;

7. эконометрикалык талдоо методдорун колдонуу менен агрардык сектордун экономикалык натыйжалуулугуна экзогендик мүнөздөмөлөрдүн таасиринин сандык баалоолору аныкталган

- **Изилдөөнүн предмети жана объектиси**. Изилдөөнүн предмети болуп Кыргыз Республикасынын экономикасынын агрардык тармагын системалуу өнүктүрүү боюнча шарттардын жана факторлордун жыйындысы саналат. Изилдөөнүн объектиси болуп Кыргыз Республикасынын экономикасынын агрардык тармагы болуп эсептелет.

Диссертациялык изилдөөдө алдыга коюлган милдеттер коюлган максаттын маңызын толук ачып берип, милдеттер жетишээрлик ырааттуу түрдө аныкталган, аларга илимий изилдөөнүн жалпы илимий жана атайын методдору аркылуу жетишилген.

### 3. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.

Кыргыз Республикасынын агрардык сектору өнүккөн мамлекеттердин агрардык секторуна салыштырмалуу учурда мамлекеттик колдоого жана жөнгө салууга болгон муктаждыктар менен мүнөздөлөт. Бул бир катар чет мамлекеттерге караганда айыл чарба жерлеринин биоклиматтык потенциалынын төмөндүгү, жердин тартыштыгы, айыл чарба өндүрүшүнүн өнөр жай ресурстарын жана анын продукциясын ташууга транспорттук чыгымдардын көбөйүшү, ошондой эле өз алдынча мамлекет катары калыптана баштагандан бери курчуп кеткен кризисти жеңүү үчүн капиталдык салымдардын зарылдыгы, тармактын техникалык жана технологиялык артта калуусу менен шартталган.

Өнүккөн өлкөлөрдө агрардык секторлордун экономиканын түзүмүндө анча маанилүү орун ээлебегендигине карабастан, бул тармакка өзгөчө көңүл

бурушат. Ошондуктан агрардык саясат тармагын (экономикалык, техникалык, инвестициялык) атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууга багытталган. Буга агрардык сектордун бардык тармактарын тең салмактуу, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү, сактоо, ташуу жана сатуу, башкача айтканда, агробизнес тармагын өнүктүрүү аркылуу гана жетүүгө болот.

Агрардык секторду мамлекеттик жөнгө салуу – бул агрардык секторду өнүктүрүү үчүн туруктуу экономикалык, укуктук жана социалдык шарттарды түзүү, калктын социалдык-алгылыктуу баада сапаттуу тамак-аш азыктарына болгон муктаждыгын канааттандыруу, айлана-чөйрөнү коргоо максатында, фермерлердин кирешелерине таасир этүү каражаттарын, айыл чарба өндүрүшүнүн түзүмүн, агрардык базарды, айылдын социалдык түзүмүн, тармактар жана чарбалар аралык мамилелерди өзүнө камтыган татаал механизм.

Азыркы учурда, экономикалык жактан өнүккөн көпчүлүк өлкөлөрдүн агрардык саясатынын негизги мазмуну ар кандай субсидиялар, бюджеттик колдоолор жана жеңилдиктер аркылуу айыл чарба тармагын мамлекеттик колдоо болуп саналат. Айрым өлкөлөрдө айыл чарбасына мамлекеттик финансылык салымдар анын продукциясынын базар баасынан жогору. Айыл чарбасын жана тамак-аш өнөр жайын мамлекеттик колдоо, азыркы учурда айыл чарба продукциясынын ири экспортерлору болгон Америка Кошмо Штаттарында, Канадада, Европа биримдигине кирген өлкөлөрдө азык-түлүктү өндүрүүнүн кескин жогорулашында негизги ролду ойногон.

Учурдагы геосаясый абал биринчи орунга тамак аш коопсуздугун камсыздоону баардык эле өлкөлөрдүн жетекчилеринин алдында учурдагы негизги көйгөй катары кабыл алууга мажбурлады. Ааламдашуу заманында бир да мамлекет өзүнүн калкын айыл чарба продукцияларына, тамак ашка болгон муктаждыктарын жалгыз өзү толук чечүүгө мүмкүнчүлүгү жетпейт. Ошодуктан тамак аш коопсуздугунун өзөгүн түзгөн айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү, учурда 50 пайыздан көбүрөөк импорттолуп жаткан продукциялардын кээ бир түрүн өзүбүздүн фермер-өндүрүүчүлөрдү ар тараптуу колдоо менен алмаштыруу, ашыкчасын тамак аш продукцияларына дүйнөлүк масштабда суроо-талаптын өсүшү жана баалардын эки-үч эсеге көтөрүлүүп жаткан шартта экспорттонун негизинде киреше табуу негизги маселе бойдон калууда. Коюлган максаттарга жетүү үчүн агрардык сектордун учурдагы абалына талдоо жүргүзүү менен андан ары анын натыйжалуулугун жакшыртуу үчүн мамлекеттик башкарууну оптималдаштыруу керектигин негиздөө абдан актуалдуу.

Мунун баары чогуу теманы тандоону, изилдөөнүн маанилүү илимий-практикалык маанисин, негизги максатын жана милдеттерин аныктаган.

**4. Илимий натыйжалар.**

Автор диссертациясында илимий жактан негизделген жаңы теориялык натыйжаларды берет, алардын жыйындысы экономикалык илимди өнүктүрүү үчүн олуттуу мааниге ээ. Төмөнкү илимий натыйжалар алынды:

- агрардык секторду мамлекеттик жөнгө салуунун илимий-теориялык жана методологиялык негиздери жалпыланып, андан кийин терең талдоого алынган;
- агрардык сектордун өнүгүшү менен мамлекеттик жөнгө салуунун өз ара байланышы негизделген;
- агрардык сектордогу чарба жүргүзүүчүлөрдүн ишмердигин жөнгө салуучу укуктук-ченемдик актыларга толуктоолорду киргизүү керектиги ачыкталган;
- Кыргыз Республикасынын агрардык секторунун учурдагы өнүгүшү ачыкталган;
- Кыргыз Республикасынын агрардык секторунун калыптанышына жана учурдагы абалына мамлекеттик жөнгө салуунун ролу аныкталган;
- Кыргыз Республикасынын агрардык секторун мамлекеттик жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча сунуштар иштелип чыккан.
- Кыргыз Республикасынын агрардык секторунун негизги өнүгүү багыттарын эске алуу менен экономикалык, математикалык жана корреляциялык, регрессиялык методдорду колдонуу аркылуу 2030-жылга чейинки тармакты өнүктүрүүнүн болжолу иштелип чыккан жана сунушталган.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси .**

Автор тарабынан сунуш кылынган теориялык жана практикалык мүнөздөгү корутундулар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын агрардык секторунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгууда колдоно ала тургандыгында турат.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөр агрардык сектордун негизги өнүгүү багыттарын аныктап, аны практикалык өнүктүрүү боюнча колдонуу үчүн сунуштарды иштеп чыгуудан турган конкреттүү прикладдык кызыгууну жаратат.

Изилдөөнүн практикалык аспектиси эмгекте негизделген корутундулар, сунуштар жана рекомендациялар Кыргыз Республикасынын экономикасынын агрардык тармагын системалуу өнүктүрүү боюнча мамлекеттик жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн экендиги менен аныкталат.

Автор тарабынан сунушталган корутундуларды жана сунуштарды ЖОЖдордо тиешелүү дисциплиналарды окутуу практикасында колдонууга болот.

**6 . Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши.**

Автореферат кыскача диссертациялык иштин негизги жоболорун, максаттарын жана милдеттерин, корутундуларды камтыйт.

**7. Эскертүүлөр:**

1 . Экинчи главанын 2.2-пунктунда, 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын агрардык секторун өнүктүрүү боюнча чарба категориялары боюнча маалыматтар аз берилген.

2 . Экинчи главада 2.3-пункт. Кыргыз Республикасынын агрардык секторунун калыптанышына жана учурдагы абалына мамлекеттик колдоо боюнча лизинг, кластердик өнүгүү көрсөткүчтөрү каралган эмес.

3 . Диссертацияда ата мекендик окумуштуулардын илимий эмгектери аз пайдаланылган.

**8. Сунуштар:**

1 . 2.1- пунктта Агрардык сектордогу чарба жүргүзүүчүлөрдүн ишмердигин жөнгө салуу укуктук негиздери: жаңы жана толукталган мыйзам актылары менен толуктасын .

2 . 2.2- пунктунда. чарба категориялары боюнча маалыматтарды жана алардын салыштырмалуу натыйжалуулугу боюнча көрсөткүчтөрдү кошуу.

3 . Ата мекендик окумуштуулардын илимий эмгектерин кошуу .

**9. Сунуштар:**

1 . айыл чарбасын каржылоо долбоору, лизинг, кластердик өнүгүү көрсөткүчтөрү жөнүндө маалыматтарды толуктоо.

2 . Кошумча ата мекендик окумуштуулардын илимий эмгектери .

**10. Корутунду.**

Диссертациялык иш өз алдынча аякталган, жогорку илимий-теориялык деңгээлде жазылган илимий изилдөө, прикладдык мүнөзгө ээ, сын-пикирлер жана кемчиликтер рекомендациялык мүнөздө болуп, диссертациялык изилдөөнүн илимий жана практикалык маанисин төмөндөтпөйт. Изилденген диссертациялык иш белгиленген талаптарга ылайык бүткөрүлгөн, менимче, иштеги негизги нерсе агрардык тармакты системалуу өнүктүрүү боюнча мамлекеттик жөнгө салууну өркүндөтүү болуп саналат, заманбап шарттарда моделдин мазмуну Кыргызстанда гана эмес, экономикалык өнүгүүсү окшош өлкөлөр үчүн да актуалдуу.

**11. Берилген документтерди карап чыгып, диссертациялык кеңештин эксперти** Абдыкадыр кызы Гулзаданын “Кыргыз Республикасынын экономикасынын агрардык тармагын системалуу өнүктүрүү боюнча мамлекеттик жөнгө салууну өркүндөтүү” темасындагы диссертациялык ишин М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий – изилдөө университетине жана Кыргызстан Эл аралык

университетине караштуу Д 08.24.697 диссертациялык кеңешке кабыл алууга сунуштайт

**Эксперт**
**Экономика илимдеринин доктору, профессор Жумабаев Ж.Ж.**

**ДСтин окумуштуу катчысы Байтерекова Г.С.**